# Он жети



Автор: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Он жети

Автор: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Он жети" (кыргыз тилинде), автор Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Көчөт сатуучу базарда адамдар көп эле. Алардын арасында Жакып карыя да бар. Ал алча менен алманын көчөтүн сатып отурган. Ошол маалда бир кыз жана эки эркек бала келип калышты.

– Чоң ата, көчөттөрүңүз канчадан? – деди озунуп Илгиз.

– А, балам, сен өзүң канча көчөт аласың? – деди карыя.

– Ар бирибиз алабыз, чоң ата, – деди сөзгө кошулган Ширин.



– Бул көчөттөр – алчанын жакшы сорту. А булар – алманыкы... Эки жылда түшүм берет. Үйүңөргө тигесиңерби? – деди Жакып чоң ата.

– Жок, чоң ата, мектеп багына тигебиз.

Балдар көчөттөрдү кармалап көрө башташты. Башкаларга уят болбой, жакшы көчөт алуу керек да. Анткени мектеп короосун жашылдандыруу боюнча класстар аралык мелдеш жүрүп жатат.

Көчөттөрдү санашса, он жети экен. Үчөө тең бөлүп алалы дешсе, он жети үчкө бөлүнбөйт. Бештен алышса, экөө ашып калат.

Алар “ар бирибиз бештен көчөт алсак дегенбиз, чоң ата” дешти да, бештен көчөттү санап алышты.

– Экөө ашып калдыбы? Аларды деле алып кеткиле, балдарым. Арзан эле берейин, – деди Жакып карыя.

Балдар “эмне кылсак” дегенсип, бирин-бири карап калышты.

– Он жети көчөт үчөөбүзгө так бөлүнбөйт да, – деди Нурбол.

– Мейли, так бөлүнбөсө, силер бирден ашык алгыла, мен бешти эле алайын, – деди Илгиз классташтарына.

– Кап, – деп кейиди Нурбол, ыйгайсыздыкты бузуп, – он сегиз болсо, жакшы болмок экен, ээ?..



Ошентип, үчөө Жакып карыянын көңүлүн кыя албай туруп калышты.

Жакып атанын жанында көчөт сатып отурган жигит балдардын сөзүн тыңшап турган болчу.

– Келгиле, менден бирди алсаңар он сегиз болот. Алчанын жакшы көчөтүнөн тандап берейин, – деди ал көчөттөрүнөн бирди сунуп.






Балдар макул болуп, акчаларын санап калышты. Санашса, акчалары он сегиз көчөткө жетпейт экен.

– Мына кызык. Эми эмне кылабыз?...


Ошондо Илгиз бир аз ойлонуп туруп калды.

– Ширин, Нурбол, мен бир нерсени ойлондум. Азыр байкенин көчөтүн алсак он сегиз болот. Туурабы? – деди Илгиз.

– Ооба, – деди Ширин, – он сегиз болгондо, үчөөбүзгө тең бөлүнмөк...

– Он сегиз тогузга да так бөлүнөт, – Шириндин сөзүн Нурбол улантты.

– Туура айтасыңар, он сегиз экиге да бөлүнөт, – деди ойлуу Илгиз. – Ошондо баарын кошкондо канча болот дебейсиңерби?



Ширин менен Нурбол Илгиздин оюн түшүнүштү да, эсептеп киришти.

– Он сегизди үчкө бөлгөндө, алтыдан тиет, – деди Ширин.

– Он сегизди тогузга бөлсөк, экиден тиет, – деди анда Нурбол.

– Он сегиз экиге так бөлүнөт да, тогуздан тиет, – деди Илгиз чечкиндүү. – Ошондо, баарын кошуп эсептесек, он жети саны чыгат экен.

– Он жети? Чын эле, – деди күлүп Ширин, – алтыга тогузду кошсок, он беш, он бешке экини кошсок, он жети болот... Ошондо байкенин көчөтү өзүнө ашып калат!

– Туура айтасың, Илгиз. Аны өзүнө кайтарып беребиз, – деди Нурбол кубанып. – Байке, сиз бизге көчөтүңүздү берип туруңуз, кайра кайтарып беребиз, – деди Илгиз.



Жигит бир көчөттү берди, бирок анын сөзүнө түшүнгөн жок. Балдардын сөзүн Жакып карыя да кунт коюп угуп, ойлуу карап турду.

– Он сегиздин экиден бири – тогуз, тогуз көчөт сага, – деп көчөттөрдү Ширинге карматты.

– Он сегиздин үчтөн бири – алты, алтоо сага, – деп, көчөттөрдү Нурболго берди.

– Ал эми он сегиздин тогуздан бири – эки, мага эки көчөт калды, – деп өзүнө калтырды.

– Бир көчөт ашып калды, аны ээсине кайра кайтарып берели, – деп Илгиз көчөттөрдү бөлүштүрүп кирди.

– Эми эле он жети көчөттү бөлө алышпай жатты эле, эми, ал тургай, өзүмдүн көчөтүм ашып калды... Мына кызык, – деп жигит балдарга таң кала карады.

– Акылдуу балдар экенсиңер! Акыл менен билимдин жолунан эч адашпагыла, балдарым! – деди чоң ата ыраазы болуп.





Илгиз, Ширин, Нурбол көчөттөрдү алып, Жакып чоң ата менен жигитке рахмат айтып, мектебин көздөй жөнөштү.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли